**Барскоон айылындагы К.Чылабаев атындагы жалпы орто билим берүү мектебинин Жети-Өгүз РИИБнын ЖЖЭИБИнын инспектору менен өткөрүлгөн чогулуштун**

**ПРОТОКОЛУ**

27.01.2021-ж. Барскоон айылы

Катышкандар: 9-10-11-класстар, класс жетекчимлер,

ТИ б. д.о.б. –Мамыркановa С.

Соц. Педагог- Орозалиев Э.

Кыздар кеңешинин жетекчиси-Б. Нурманбетова

ЖЖЭИБИнын инспектору ага лейтенант-Садыков Н.Б.

**Күн тартибинде каралуучу маселе:**

1. **Мектеп окуучуларынын, өспүрүм балдардын коопсуздугун жана ден соолугун сактоо максатында профилактикалык иш чара.**
2. **«Суицидди алдын алуу», «Эрте никеге туруу ден-соолукка зыян» аттуу темада түшүндүрүү иштерин жүргүзүү.**

**УГУЛДУ:**

Биринчи сөздү ТИ б. д.о.б. – С. Мамырканова алып, жалпы республика боюнча билим берүү, тарбиялоо тармагындагы көйгөйлөргө токтолуп жаш өспүрүмдөр арасындагы баңги заттарды колдонуу, зордук-зомбулук, рекетчилик, тартип бузуу, кылмыш кылуу ж .б. көрүнүштөрдү болтурбоонун иш-аракеттери боюнча өкмөттөн баштап райондук билим берүү бөлүмдөрүндө ЖЖЭИБИде иш жүргүзүлүп жаткандыгы туралуу айтты. Буга карабастан айрым жерлерде мындай көрүнүштөрдүн болуп жаткандыгына мисалдарды келтлирди. Баңгилик адамдын ден соолугуна гана эмес тукумунада зыян келтирет, балддары чабал, майып төрөлөт, үй-бүлөсүнө жана айлана чөйрөсүнө терс таасирин тийгизет. Мындай маалыматтарды балдар көбүнчө көзөмөллдүн жетишсиздигинен, жан дүйнөнүн боштугун толтуруш үчүн ар кандай агымдардын өкүлдөрүнүн азгыруусуна кирип жатат. Ошондуктан ата-эне, бала, мектеп тыгыз байланышта болуп, коомдогу терс көрүнүштөрдү баладан оолак кармоо максатын бекем тутушу керек. Эки тараптан тең балдарга болгон көзөмөл жүргүзүлүшү керек.

Аталган маселе боюнча ЖЖЭИБИнын инспектору Н. Садыков сөз алып, балдар менен өзүн тааныштырып. Ал өз сөзүндө «Кылмыштуулукту алдын алуу», «Баңгиликке каршы күрөшүү» боюнча коомго болгон терс таасири жана анын себептери тууралуу кеңири айтып берди. Окуучулар арасында кылмыштуулукту болтурбоо, рекетчиликти алдын алуу боюнча жанга балдар арасында кылмыштуулук фаактылары болгон учурларда

алар кайсыл статья боюнча жаза ала тургандыгы, кандай жоопкерчиликтер күтүп ятургандыгы тууралууда айтып өттү. Ошону менен катар окуучулар өздөрүнүн укуктарын мыкты билип, милдеттерин унутуп калгандыгын белгилей кетти. Сабактан кийин үйгө түз барып, кечинде себепсиз көчөгө чыкпай тартип бузуудан алыс болууга чакырып, мындан ары мектеп менен тыгыз иш алып бара тургандыгын айтты.

«Эрте никеге туруу ден-соолукка зыян» аттуу темада кыздар кенешинин жетекчиси Б.Нурманбетова сөз алып, өзүнүн лекциясында эрте никеге туруу ден-соолукка зыян экендигин баса белгилеп үлгүлүү жүрүш-турушка чакырды. Жаман жолдо жүрүү ата-эне үчүн дагы оор болорун белгиледи.

Жогоруудагы маселелерди угуп, талкуулап чогулуш чечим чыгарат:

1. Мектеп окуучуларынын, өспүрүм балдардын коопсуздугун жана денсоолугун сактоо жана аны болтурбоо иш-аракеттери сабак учурунда класс жетекчилерге, мектептен кийинки учур ата-энелерге милдеттендирилет.
2. Сабакты себепсиз калтырбоо, окуу процессин үзгүлтүккө учуратпай мыкты жүрүш-туруштун ээси болуу окуучунун өзүнө жүктөлөт.

Мектеп директор: А. Асаналиева

ТИ б. д. о. б С. Мамырканова

Соц. педагог: Э. Орозалиев

Жети-Өгүз РИИБнын башчысы

милициянын полковниги

Тюкебаев Т. М.

Маалымдама

2021-жылдын 27-январында Барскоон айылындагы К. Чылабаев атындагы жалпы орто билим берүү мектебинин ТИ б.д.о.б. С. Мамырканова менен биргеликте "Жаш өспүрүм балдардын коопсуздугун жана ден-соолугун сактоо", "суицидди алдын алуу", "эрте никеге туруу ден – соолукка зыян" аттуу темада лекция окуп, кылмыштуулукту алдын алуу иш-чаралары боюнча чогулушту ЖЖЭИБИнин инспектору Н. Садыков өткөндүгү анык.

Директор А. Асаналиева

ТИ б.д.о.б С. Мамырканова

**Барскоон айылындагы К.Чылабаев атынджагы жалпы орто билим берүү мектебинин Жети-Өгүз РИИБнын ЖЖЭИБИнын инспектору менен өткөрүлгөн чогулуштун**

**ПРОТОКОЛУ**

20.01.2021-ж. Барскоон айылы

Катышкандар: 9-10-11-класстар, класс жетекчимлер, ТИ б. д.о.б. –Мамыркaнова С.

Соц. Педагог- Орозалиев Э.

ЖЖЭИБИнын инспектору ага лейтенант-Садыков Н.Б.

**Күн тартибинде каралуучу маселе:**

1. Мектеп окуучуларынын, өспүрүм балдардын коопсуздугун жана денсоолугун сактоо максатында профилактикалык иш чара.

**УГУЛДУ:**

Биринчи сөздү ТИ б. д.о.б. – С. Мамырканова алып, жалпы республика боюнча билим берүү, тарбиялоо тармагындагы көйгөйлөргө токтолуп жаш өспүрүмдөр арасындагы банги заттарды колдонуу, зордук-зомбулук, рекетчилик, тартип бузуу, кылмыш кылуу ж .б. көрүнүштөрдү болтурбоонун иш-аракеттери боюнча өкмөттөн баштап райондук билим берүү бөлүмдөрүндө ЖЖЭИБИде иш жүргүзүлүп жаткандыгы туралуу айтты. Буга карабастан айрым жерлерде мындай көрүнүштөрдүн болуп жаткандыгына мисалдарды келтлирди. Бангилик адамдын ден соолугуна гана эмес тукумунада зыян келтирет, балддары чабал, майып төрөлөт, үй-бүлөсүнө жана айлана чөйрөсүнө терс таасирин тийгизет. Мындай маалыматтарды балдар көбүнчө көзөмөлллдүн жетишсиздигинен, жан дүйнөнүн боштугун толтуруш үчүн ар кандай агымдардын өкүлдөрүнүн азгыруусуна кирип жатат. Ошондуктан ата-эне, бала, мектеп тыгыз байланышта болуп, коомдогу терс көрүнүштөрдү баладан оолак кармоо максатын бекем тутушу керек. Эки тараптан тен балдарга болгон көзөмөл жүргүзүлүшү керек.

Аталган маселе боюнча ЖЖЭИБИнын инспектору Н. Садыков сөз алып, балдар менен өзүн тааныштырып. Ал өз сөзүндө «Кылмыштуулукту алдын алуу», «Бангиликке каршы күрөшүү» боюнча коомго болгон терс таасири жана анын себептери тууралуу кенири айтып берди. Окуучулар арасында кылмыштуулукту болтурбоо, рекетчиликти алдын алуу боюнча жанга балдар арасында кылмыштуулук фаактылары болгон учурларда алар кайсыл статья боюнча жаза ала тургандыгы, кандай жоопкерчиликтер күтүп ятургандыгы тууралууда айтып өттү. Ошону менен катар окуучулар өздөрүнүн укуктарын мыкты билип, милдеттерин унутуп калгандыгын белгилей кетти. Сабактан кийин үйгө түз барып, кечинде себепсиз көчөгө чыкпай тартип бузуудан алыс болууга чакырып, мындан ары мектеп менен тыгыз иш алып бара тургандыгын айтты.

Жогоруудагы маселелерди угуп, талкуулап чогулуш чечим чыгарат:

1. Мектеп окуучуларынын, өспүрүм балдардын коопсуздугун жана денсоолугун сактоо жана аны болтурбоо иш-аракеттери сабак учурунда класс жетекчилерге, мектептен кийинки учур ата-энелерге милдеттендирилет.
2. Сабакты себепсиз калтырбоо, окуу процессин үзгүлтүккө учуратпай мыкты жүрүш-туруштун ээси болуу окуучунун өзүнө жүктөлөт.

Мектеп директор А. Асаналиева

ТИ б. д. о. б. С. Мамырканова

Соц. педагог Э. Орозалиев

ИНН 02609201410035
№ 46
«20» 01 2021-ж.

Жети-Өгүз РИИБнын башчысы

милициянын полковниги

Тюкебаев Т. М.

Маалымдама

2021-жылдын 19-январында Барскоон айылындагы К. Чылабаев атындагы жалпы орто билим берүү мектебинин ТИ б.д.о.б. С. Мамырканова менен биргеликте жаш өспүрүм балдардын коопсуздугун жана ден-соолугун сактоо максатында алдын алуу иш-чаралары боюнча чогулушту ЖЖЭИБИнин инспектору Н. Салыков өткөндүгү анык.

Директор А. Асаналиева

ТИ б.д.о.б С. Мамырканова

Макулдашылды

Жети –Өгүз РИИБнын

Башчысы милициянын полковниги

Рыскулов Б.Т

Бекитемин

К.Чылабаев атындагы жалпы орто

билим берүү мектебинин директору

А.А.Асаналиева

**Казыбай Чылабаев атындагы жалпы орто билим беруу мектебинин 2021-2022-окуу жылы учун кылмыштуулукту алдын алуу боюнча биргелешкен иш планы**

| № | Аткарылуучу иштин мазмуну | Формасы | Аткаруу моонoту | Ким аткарат |
|---|---|---|---|---|
| 1 | Профилактикалык кенешмелерди уюштуруу жана иш пландарды иштеп чыгуу жана бекитуу | отурум | август | Мектеп администрациясы, проф кенеш |
| 2 | Кылмыштуулуктун алдын алуу кенешинин курамын тузуу | отурум | сентябрь | Соц педагог,кл тышкаркы иштердин уюштуруучусу |
| 3 | Окуучулардын социалдык паспортторун тузуу | Анкета жургузуу | сентябрь | Соц педагог Орозалиев Э |
| 4 | Мектеп окуучуларынын милдеттерин онлайн режимде тушундуруу | лекция | Жыл ичинде | Класс жетекчи,соц педагог |
| 5 | Жаш оспурумдор арасында кылмыштуулукту алдын алуу жана кылмыштуулукту болтурбоо боюнча профилактикалык иштер | Слайд,видео роликтер | Жыл ичинде | Кл жетекчи,соц педагог,ЖОИИ кызматкерлери |
| 6 | “Жолдо журсон сак бол!”жолдо журу эрежесин сактайбыз | Тарбиялык сааттар | Жыл ичинде | Кл жеткчи |
| 7 | “Суицидге жол бербейбиз!” | Тарбиялык сааттар | Жыл ичинде | Кл жетекчи |
| 8 | “Коопсуз мектеп-зомбулуксуз балалык”программалардын алкагында иш алып баруу | Лекция,тарб саат | Оз убагында | Кл жетекчи |
| 9 | 18-ноябрь-Тамекиге каршы курошуу куну.“Тамеки чегуу коркунучтуу илдет” | Тарбиялык сааттар | Ноябрь | Айылдык дарыгерлер Мектеп парламенти |
| 10 | “21-кылымдын чумасы”1-декабрь СПИД гекаршы курошуу куну | Диспут | Декабрь | А1-9-класстар,кл жетекчи айылдык дарыгерлер |
| 11 | Мектептин ички каттосуунда турган жана курч кырдаалга кабылган окуучулар менен иштоодо соц пед-го ар тараптан жардам корсотуу | Ата-энелер чогулушу | Жыл ичинде | Соц педагог |
| 12 | Биз энергетикалык ичимдиктерге каршыбыз! | Слайд,видео сабактар | февраль | 8-9-кл,кл жетекчи |
| 13 | “Мыйзам бангиликке каршы!” | Тарбиялык саатар | март | ИДН кызматкерлери |
| 14 | Кылмыштуулукту болтурбайм десен мыйзам бил! | Тегерек стол | апрель | ИДН кызматкерлери,мектеп парламенти. |

Тузгон : ____________ Мамырканова Сейил

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТИРЛИГИ
«К.ЧЫЛАБАЕВ АТЫНДАГЫ ЖАЛПЫ ОРТО БИЛИМ БЕРҮҮ МЕКТЕБИ» мекемеси
МИНИСТЕРСТВО ОБРАЗОВАНИЯ И НАУКИ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ
Учреждение «СРЕДНЯЯ ОБЩЕОБРАЗОВАТЕЛЬНАЯ ШКОЛА ИМЕНИ К.ЧЫЛАБАЕВА»
ИНН 02609201410035
№ 61
«10» 12 2022 ж.
село БАРСКООН айылы

Жети-Өгүз РИИБинин начальниги,
милициянын полковниги Б.Рыскуловго

# МААЛЫМДАМА

Берилет ушул маалымдама К.Чылабаев атындагы жалпы орто билим берүү мектебинин 9-10-11-класстын окуучуларына 2022-жылдын 10-декабрында Жети-Өгүз РИИБинин ЖЖЭИБИнин инспектору. Милициянын ага лейтенанты Садыков Нургазы Беккулуевич тарабынан «Кылмыштуулукту алдын алуу боюнча» лекция өткөндүгү анык.

Директор А.Асаналиева

**К. Чылабаев атындагы жалпы орто билим берүү мектебинде өткөн Кылмыштуулукту алдын алуу боюнча иш чаранын**
**ПРОТОКОЛУ**

**Барскоон айылы**

**10-декабрь 2021-жыл**

Төрайым А.Асаналиева

Катчы С.Мамырканова

Катышкандар Жети-Өгүз РИИБинин ЖЖЭИБИ кызматкери, милициянын ага лейтенанты Н.Садыков, мектеп директору А.Асанеалиева, соц. педагог Э.Орозалиев, ТИ б. уюштуруучу С.Мамырканова, 9-10-11-класстын окуучулары

**Күн тартибинде:**

1. Өспүрүмдөр арасында кылмыштуулукту алдын алуу боюнча ЖЖЭИБИнин кызматкери Н.Садыковдун баяндамасы

**УГУЛДУ:**

1. Күн тартибиндеги каралуучу биринчип маселе боюнча, ЖЖЭИБИнин кызматкери Н.Садыков сөз алып, азыркы учурда өспүрүмдөр арасында кылмыштуулук өзгөчө жүрүп жаткандыгына байланыштуу балдарды көчөгө кечкисин чыкпоосун жана айдоочулук күбөлүгү жок автоунааларды айдап чыгуусуна тыюу салды. Денеге залал келтирүү жана кылмыштуулуктун түрлөрү боюнча маалымат берип, жашы жете элек болсо да мыйзам чегинде ар бир инсан жооп берерин эскертти. Азыркы учурда жаш өспүрүмдөр арасында бейбаштык, уурулук фактылары көп каталып жаткандыгын айтып, кылмыштуулукту алдын алуу максатында окуучулар менен биргеликте түшүндүрүү ишин жүргүзүп, ушундай кылмыштуулуктан алыс болуусун эскертти.

***Чыгып сүйлөгөндөр:*** ТИ б. уюштуруучу С.Мамырканова, соц педагог Э.Орозалиев – Балдар – биздин эртенки келечек экенин, ошол себептен аларга жакшы тарбияда болуп, кичүүлөргө үлгүлүү болуп жүрүүсү айтылы. Ар кандай (мушташ, рекетчилик, уурулук, үстөмдүк кылуу) жакшы эмес жүрүм турумунар катталчу болсо, көп өкүнүчтүү маселелр болору айтылды.

Жогорудагы маселелерди угуп, талкуулап, алымча-кошумчадан сон төмөндөгүдөй

**ЧЕЧИМ КЫЛАТ:**

1. Өспүрүмдөр арасында кылмыштуулукту алдын алуу боюнча иш чараларды мектепте өткөрүп туруу жагы ТИ б.уюштуруучу С. Мамырканова жана соц педагог Э. Орозалиевге милдеттендирилсин.
2. Мектептен сырткарки учурда окуучулардын өмүр, ден соолук коопсуздугу жана тартиби ата-энелердин жоопкерчилигинде экендиги эскертилсин.

Төрайым А. Асаналиева

Катчы С.Мамырканова

К. Чылабаев атындагы жалпы орто билим берүү мектебинде өткөн ата-энелер чогулушунун

## ПРОТОКОЛУ

**26-сентябрь 2021-жыл** **№1** **Барскоон айылы**

**Төрайым С. Мамырканова**
Катчы А.Дыйканова
Катышкандар: 56 ата-эне

**Күн тартибинде**:

1. Мектептин жалпы ата-энелер комитетин өткөн окуу жылындагы алып барган иш аракеттери боюнча отчетун угуу жана анын курамын кайра шайлоо боюнча
2. Окуучуларды китеп менен камсыз болуусу, окуучулардын окууга катышуусу жөнүндө

**УГУЛДУ:**

ТИ б.уюштуруучу С.Мамырканова: Урматтуу ата-энелер, адаттагыдай ар бир жаны окуу жылында ата-энелер комитетинин курамы шайланат эмеспи. Ошондуктан, ата-энелер комитетинин төрайымы Асел Үсөнакунованын отчетун угуп жана сиздердин ой пикиринилздерди, сунуштарды эске алуу менен ата-энелер комитетинин жаны курамын түзүп алсак.

Ата-энелер комитетинин төрайымы А. Үсөнакунова өткон окуу жылындагы алып барган иш аракеттери жөнүндө кыскача баяндап берип буларга токтолду: башталгыч класстарга ысык тамак берилбегендиктен, окуучулар кичине кыйналышты, бирок ата-энелерге акча деген маселе жаралган жок. Ата-энелер жыйналыштары убагында өтүп жатты. Эн чон көйгөй – ал жыйналыштарга жогорку класстын ата-энелери, айрыкча аталар келишпейт. Бала кичине кезинеде кичине маселе болсо, өсүп жаткан өспүрүмдүн маселеси андан чон экенин, мурдагыдан солгундабай тескерисинче,мектеп менен да, бала менен да тыгыз байланышта болуусу шарт экен.

Экинчи маселе боюнча: ОТИ б.д.о.б. Т.Турганбаев: - Жаны окуу жылы башталар менен эле окуучулардын сабакка солгун катышуусу, алардын сабакты калтыруусу көнүлдү бурган маселе болуп жатат. Пандемиялык шартта он-лайн форматта окуу жүргөндөн кийин бул кадимки көрүнүш. Бирок, ата-энелерден сураныч, окуунун үзгүлтүккө учурашы билим сапатына чон кедергиси тиерин айтмакчыбыз.

Китепканачы Н.Ногойбаева: жалпы мектеп окуучулары 86% китеп менен камсыз болушту. (ар бир класстагы жетишпеген, жаны келген китептер боюнча маалымат берди) калган окуу китептери менен ата-энелер сиздер аракет кылып, камсыздап берүүнүздөрдү өтүнөбүз.

Жалпы ата-энелер чогулушу коюлган маселелер боюнча алымча-кошумчаларды угуп,

**ЧЕЧИМ КЫЛАТ:**

1. Жалпы ата-энелер комитетинин өткөн 2020-2021-окуу жылындагы алып барган иш аракеттеринин отчету жактырылсын жана курам ошо боюнча сакталсын
2. Балдарды себепсиз окуусунан үзгүлтүккө учуратпай жиберүү жана жетишпеген окуу китептерин толуктап берүү жагы ата-энелерге милдеттендирлсин.

Төрайым С.Мамырканова

Катчы А. Дыйканова

К. Чылабаев атындагы жалпы орто билим берүү мектебинде өткөн ата-энелер чогулушунун

**ПРОТОКОЛУ**

**10-ноябрь 2021-жыл** **№2** **Барскоон айылы**

**Төрайым С. Мамыркановa**
Катчы А.Дыйканова
Катышкандар: 87 ата-эне

**Күн тартибинде**:
1. Мектепте окуучулардын уюлдук телефонду колдонуусу
2. Окуучулук форманын сакталышы

**УГУЛДУ:** Күн тартибиндеги биринчи маселе боюнча ТИ б.уюштуруучу С.Мамырканова азыркы учурда окуучулардын оюнун баары телефон болуп жатат. Ошондуктан ата-энелер менен биргеликте чектөө койбосок, окуучулар сабактан алагды болушуп, виртуалдуу жашоого сүңгүп кетишти. Телефонду туура жана пайдалуу колдонуу боюнча ата-эне да тыкыр көзөмөлгө алуусу зарыл экендиги айтылды.
Күн тартибиндеги экинчи маселе боюнча класс жетекчилердин УБ жетекчиси Г.Семетеева башынан эле мектеп боюнча бирдей формага өткөнбүз. 1-4-класстар боз юбка бордовый пиджак кийишчү, 5-11-класстар жөнөкөй кара форма көйнөк фартугу менен кийишет эле. Кийинки пандемиядан соң форма баштапгыч класстарга да, жогорку класстарга да бирдей талап кылып, кара көйнөк-форма фартугу менен, ал эми эркек балдарга классикалык стилди жана ак-кара түстү кармоо жагы айтылып келет.
Жарыш сөзгө чыккандар: орус тил сабагынын мугалими А.Бакирова – Чынында окуучулар мектептке телефонсуз мектептке келбей калышты. Окууга болгон кызыгуусу, көңүл буруусу жоголду. Ошондуктан, урматтуу ата-ънелер сиздер да көзөмөлгө алып, уул-кызыныздын мектептке телефону жок эле келип кетүүсүнө көмөктөш болсонуздар. Бир чечим менен телефон алып келген окуучуларга чара көрүлүүсү керек деп ойлойм.
8-класстын ата-энелер комитети Чотуева Жазгүл – Чындыгында мектептке кетип жаткан убагында биз көзөмөл кылсак, балдар окуучулук форма менен таза, дыкан келишет эле. Ар ким алына жараша ар түстөгү, ар стилдеги кийимдерди алып бере берсек, балдар атаандашып бала психологиялык жактан жабыркап, эси-дарты кийимде болгон окуучулар да келип чыгат.
Алымча-кошумча ой-пикирлерди эске алуу менен ата-энелер чогулушу

**ЧЕЧИМ КЫЛАТ:**

1. Мектептке атайын улуксааты бар окуучулардан сырткаркы окуучуларга телефон колдонуусуна тыюу салынсын.
2. Мектепке таза, дыкан окуучулук форма менен келүүсүн камсыз кылуу жагы ата-энелердин көзөмөлгө алуусу милдеттендирилсин

Төрайым С. Мамырканова

Катчы А. Дыйканова